УДК:784(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-20-27

**Мурзаев М.С.**
психология илиминин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## ЖАШ МУУНДАРДЫН ЭСТЕТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨСТҮРҮҮДӨ МУЗЫКАЛЫК ЧЫГАРМАНЫ ТАЛДООНУН МААНИСИ

**Аннотация.** Азыркы кезде глобалдашуунун, маалымат технологияларынын дүркүрөп өнүгүшү адамды интернет аркылуу дүйнөлүк байланышта болуусун калыптандырды. Адамзаттын техникалык жетишкендиктери искусство түрлөрү менен таанышууну оңой кылып, жаштарыбыздын бөтөн элдин музыкасы менен жакындан тааныш болуусуна мүмкүнчүлүк түзүп берди. Бул бир жагынан жаштарыбыздын инсандык маданиятынын өнүгүүсүнө шарт түзүп бергени менен, түпкүлүгүндө жаштарыбызда бөтөн элдин музыкасына ашыкча берилүүсүн жаратып, өз элинин музыкасын жерүү, бөтөн эл маданиятына кулдук уруу ж.б.у.с. жагымсыз көрүнүштөрдү пайда кылып, жаштардын эстетикалык маданиятын төмөндөтүп, алардын эстетикалык маданиятын улуттук баалуулуктардын негизинде өстүрүүнү актуалдуу кылууда.

Музыкалык тарбия аркылуу жаш муундарды инсан катары калыптандырууда алардын эстетикалык маданиятын калыптандыруунун ролу чоң. Анткени музыкалык тарбияга жараша адамдын жалпы эстетикалык маданияты жана музыкалык маданияты калыптанып, адамгерчилик, адептүүлүк ж.б. инсандык өзгөчөлүгү аныкталат.

Музыкалык тарбия берүүдө музыкалык чыгармаларды талдоо аркылуу жаштардын эстетикалык табитин өстүрүп, аларга сапаттуу чыгарма менен сапатсыз чыгарманы ажырата билүү көндүмдөрүнө үйрөтүүгө жетишилет.

**Негизги сөздөр.** маалымат технологиялары, жаштар, музыка, эстетикалык маданият, эстрада, ырчы, музыкалык тарбия, табит, баалуулуктар, инсанды калыптандыруу.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru

## ЗНАЧЕНИЕ АНАЛИЗА МУЗЫКАЛЬНОГО ПРОИЗВЕДЕНИЯ В РАЗВИТИИ ЭСТЕТИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

**Аннотация.** В настоящее время быстрое развитие глобализации и информационных технологий сформировало глобальную связь людей через Интернет. Технические достижения человечества облегчили знакомство с видами искусства, дали нашей молодежи возможность познакомиться с музыкой зарубежных народов. С одной стороны, это создает среду для

развития культуры нашей молодежи, но, по сути, приводит к тому, что наша молодежь чрезмерно привязывается к музыке чужих народов, отрицает музыку своего народа, становяться порабощенными культурой чужих народов и т. д. снижая эстетическую культуру молодежи, эти неприятные явления делает более важным развитие эстетической культуры молодежи на основе национальных ценностей.
Очень важная роль играет музыкальнаяобразования в формирования эстетической культуры молодого поколения как личности.  Потому что в зависимости от музыкального образования формируется общая эстетическая культура и музыкальная культура человека и определяются черты личности такие как человечность, нравственность.
В музыкальном образовании посредством анализа музыкальных произведений можно развивать эстетическую культуру молодежи и обучать ее навыкам различения качественных и некачественных музыкальных произведений.

**Ключевые слова.** информационные технологии, молодежь, музыка, эстетическая культура, эстрада, певец, музыкальное образование, вкус, ценности, формирование личности.

**Murzaev M.S.**
candidate of Psychological Sciences, associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
mamatali54@mail.ru

## THE IMPORTANCE OF ANALYSIS OF A MUSICAL WORK IN THE DEVELOPMENT OF AESTHETIC CULTURE OF THE WASHING GENERATION

**Abstrakt.** Nowadays, the rapid development of globalization and information technology has formed a global connection of people through the Internet. The technical achievements of mankind have made it easier to get acquainted with the arts and have given our youth the opportunity to get acquainted with the music of foreign peoples.
On the one hand, this creates an environment for the development of the culture of our youth, but, in essence, leads to the fact that our youth become overly attached to the music of foreign peoples, deny the music of their own people, become enslaved by the culture of foreign peoples, etc., reducing aesthetic culture youth, these unpleasant phenomena make it more important to develop the aesthetic culture of youth based on national values.
Music education plays a very important role in the formation of the aesthetic culture of the younger generation as individuals.
Because depending on musical education, a person’s general aesthetic culture and musical culture are formed and personality traits such as humanity and morality are determined.
In music education, through the analysis of musical works, it is possible to develop the aesthetic culture of young people and teach them the skills to distinguish between high-quality and low-quality musical works.

**Key words.** information technology, youth, music, aesthetic culture, pop music, singer, music education, taste, values, personality formation.

Коом өзгөргөн сайын коомдук өндүрүш, ага улай коомдук мамиле өзгөрүп, ал адамдардын өз ара мамилесин жана адамдын өзүн инсан катары өзгөртөт [9]. Адам өзгөрдү

деген сөз - бул анын табити, баалуулуктары, каалоо, муктаждыктары, умтулуулары, жашоо образы жана мүнөзү өзгөрдү дегендик.

Азыркы кезде глобалдашуунун, маалымат технологияларынын дүркүрөп өнүгүшү жаштарыбыздын бөтөн элдин музыкасы менен жакындан тааныш болуусуна мүмкүнчүлүк түзүп берип, бир жагынан жаштарыбыздын инсандык маданиятынын өнүгүүсүнө шарт түзүп бергени менен, түпкүлүгүндө жаштарыбыздын бөтөн элдин музыкасына ашыкча берилүүсүн жаратып, өз элинин музыкасын жерүү, бөтөн эл маданиятына кулдук уруу ж.б.у.с. жагымсыз көрүнүштөрдү пайда кылууда. Натыйжада батыш маданиятынын, анын ичинде музыкалык маданияттын таасирлеринин натыйжасында кыргыз коомунда батыш маданиятын сүйгөн, кадырлаган, бирок өз маданиятын жериген манкурт катмар, муун пайда болуп, инсан катары калыптанып жатат [8, 200 б.]. Ошондой эле өлкөдө бирдиктүү идеологиянын жоктугу, коомдо ыраатуу патриоттук тарбиянын жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында жана жаш муундар арасында руханий-нравалык, адеп-ахлак, нарк-насил, эстетикалык ж.б. тарбиялардын начардыгынын натыйжасында жан дүйнөсү жарды, эстетикалык табити төмөн жаштар көбөйүүдө.

Коомдун музыкалык жаатындагы жагымсыз көйгөйлөр азыркы кезде эстетикалык тарбия берүүнүн ролун, маанисин өстүрүп, жалпы эле эстетикалык тарбияны жакшыртууну талап кылууда. Анткени коомдо (радио уктурууларда, теле көрсөтүүлөрдө, концерттерде жана той-топурда ж.б.) женил-желпи ырлардын көбөйүшү элдин эстетикалык табитин бузууда.

Азыркы кезде адамдын өзгөрүп жаткандыгы, анын музыкалык маданиятын: музыкалык табити, каалоо муктаждыктары өзгөрүп жатканынан да даана көрүнөт.

Биздин пикирибизче, эстетикалык маданиятты жана музыкалык тарбияны өзгөртүп, жакшыртууга болгон муктаждык төмөнкүлөр менен байланышта:

1. Санариптештирүүнүн турмушка ашуусу, электрондук үн жазгыч, сактагыч жана таратуу ар түрдүү каражаттарынын жаралышына алып келип, музыканы пайдалануунун мүмкүнчүлүгү болуп көрбөгөндөй кеңейтти. Бул музыкалык чыгармаларды пайдалануу жана анын таасирлерин күчөшүнө, күнүмдүк көрүнүшкө айлануусуна алып келди.
2. Музыкалык таасирдин көптүгү жана аябай күчөшү жалпы эле коомдо жана жеке адамдарда музыка таасиринен сактануу, коргонуу, музыкага сын көз менен кароо зарылдыгын жаратты.

Коомубузда жаралган мындай абал музыкалык тарбия берүү аркылуу жаш муундардын эстетикалык маданиятын калыптандырууну актуалдуу кылат.

Жаш муундардын эстетикалык маданиятын өстүрүүдө аларга музыкалык тарбия берүүнүн ролу чоң. Мына ошондуктан адамдын эстетикалык маданиятын калыптандыруудагы музыканын адамга тийгизген таасири жана музыкалык тарбия берүүнүн орду, технологиялары ар тарабынан изилденип келет.

Л.Л.Бочкарев, М.С.Каган, В.Н.Холопова музыканын башка көркөм өнөр (искусстволор) арасындагы ордун жана анын адамдарга тийгизген таасиринин психологиялык механизмдерин изилдөөгө алышкан [2, 37-42 бб.]. Музыкалык кабылдоо психологиясын Б.В.Асафиев, А.Л.Гоцдинер, В.В.Медушевский, В.И.Петрушин кеңири изилдешкен [1, 376 б.; 7;]. Музыкалык билим берүүнүн теориясы менен практикасын В.Н.Шацкая ж.б. түптөшкөн [11]. Ал эми М.С.Осеннева жана Л.А.Безбородова, Л.В.Школярдын эмгектеринде музыканы активдүү, терең, аң-сезимдүү кабыл алууну калыптандыруу жолдору берилген [12, 232 б.].

Б.В.Асафиевдин пикири боюнча музыка – «интоникалык маанидеги искусство» [1, 365]. Л.Л.Бочкаревдун пикири боюнча, музыка адамдын жан дүйнөсүнүн күзгүсү, сезимдердин тили. Музыкалык чыгарманын ички мазмуну музыка угуп же аткарып жаткан адамга түз жана күчтүү таасир этет [4, 317 б.].

Кыргыз музыка таануу жаатында Балбай Алагушов эмгеги өтө чон. Ал элдик музыканын табиятын изилдөөдө ар тараптуу эмгектерди жасап, кыргыз музыкалык маданиятынын жаралышын жана өнүгүшүн ар тараптан терең изилдеген [10].

Биз макалада музыкалык тарбия берүү аркылуу жаш муундардын эстетикалык маданиятын калыптандыруу маселелерине токтолобуз.

Философияда “эстетика” деген сөз грек тилинен келген “aistetikos” – сезим, сезүү, сезүү кабылдоосуна тиешелүү. Бул терминди XYIII кылымда Н.Баумгартен киргизген [3, 486 б.].

Эстетиканын дүйнөлүк илим катары тарыхый өнүгүшү байыркы доорлорго барып такалат. Азыркы кезде «Эстетика» сөзүнүн илимден тышкаркы колдонулушунун көп түрдүүлүгү бул түшүнүктүн мазмунунун кеңири экендигине далили болуп саналат [2, 39 б.].

Эстетикалык тарбия – бул жашоодогу жана искусстводогу сулуулукту баамдай, сезе билген, баалай билген, «сулуулуктун мыйзамы боюнча» жашап, жаратууга жөндөмдүү, чыгармачылык жигердүү инсанды калыптандыруунун максаттуу процесси [2, 39 б.].

Эстетикалык тарбия – эстетикалык өнүгүүнү, инсандагы эстетикалык кабыл алуунун, сезимдин, табиттин, чыгармачылык кыялдануунун, эмоционалдык тажрыйбанын, элестүү ой жүгүртүүнүн активдүүлүгүн камсыз кылуучу, ошондой эле руханий керектөөлөрдү калыптандыруучу табигый маанилүү күчтөрдүн уюшулган процессин камтыйт. Эстетикалык тарбиянын өзөгүн искусствонун таасири түзөт жана анын негизинде тарбия берүү жана өнүктүрүү иштери жүргүзүлөт [2, 40 б.].

Н.Л.Гродзенская музыка аркылуу инсандын көркөм, музыкалык табитин тарбиялоо жана эстетикалык табитин өнүктүрүү маселелерине өзгөчө кызыгуу менен көңүл буруп, инсандын көркөм табитин алардын жаш курагына ылайыктуу жогорку көркөм чыгармалар аркылуу өстүрүү керектигин айткан. Балдар чыныгы музыканы угууга көнүп калганда гана аларда чыныгы көркөм чыгармаларды баалай билүү, аларды көркөм эмес чыгармалардан айырмалоо жөндөмү бара-бара калыптанат деп күтүүгө болот деген [5; 2, 41 б.].

Эстетикалык тарбиянын максаты – маданияттын субьектиси катары баланын инсандык сапаттарын калыптандыруу болуп саналат. Эстетикалык тарбия өз ичинне эстетикалык кабыл алуу, эстетикалык сезим, эстетикалык муктаждык, эстетикалык табит, эстетикалык идеалдар сыяктуу компоненттерди камтыйт. Жаш муундарга, айрыкча студенттерге, эстетикалык тарбия берүүдө, алардын эстетикалык табитин калыптандырууда музыка чоң роль ойнойт [2, 40 б.]

Музыкалык тарбия - жаш муундарда музыкага болгон кызыгууну, сүйүүнү жаратуу жана музыкалык табитти калыптандыруу болуп саналат. Ошону менен бирге адам музыка аркылуу өзүнүн жан дүйнөсүн өстүрүп, рухий муктаждыктарын канаттандырат. Ошондон музыкалык тарбияга жараша адамдын инсандык өзгөчөлүгү аныкталат. Мына ошондуктан музыкалык тарбиянын максаты-музыкалык каражаттар аркылуу жаш муундарды инсан катары калыптандыруу болуп саналат.

Музыкалык тарбия аркылуу жаш муундарды инсан катары калыптандырууда алардын эстетикалык маданиятын калыптандыруунун ролу чоң. Анткени музыкалык тарбияга жараша адамдын жалпы эстетикалык маданияты жана музыкалык маданияты калыптанып, инсандык өзгөчөлүгү аныкталат.

Кыргыз элинде эстетикалык маданият салты калыптанган. Алсак, кыргыз элинин музыкалык маданиятында элдин эстетикалык табитинин калыптануусунда төкмөлүк өнөрдүн өнүгүшү чоң мааниге ээ [10]. Төкмөлөр өз обонуна салып ырдап, күү чертип өз ойлорун элге жеткиришкен жана элдин эстетикалык талабын канаттандырышкан.

Төкмө акындар үчүн бир ырдаганын кийин өзгөртүп ырдоо мыйзамченемдүү көрүнүш.

Төкмөлүк өнөр ырчынын турмушту андап билүүсүнүн терендиги, ой жүгүртүү табитинин, сөз байлыгынын ченемсиз кендиги, рухий толкундануусунун бийиктиги менен тыгыз байланышканда гана элдин эстетикалык табитин канаттандырган, элдин купулуна толгон чыгармаларды жаратышып, элге кеңири белгилүү болушкан, кадыр-барк тапкан [10].

Жогоруда айтылгандардын алкагында жаш муундардын эстетикалык маданиятынын калыптануусунда обончулардын чыгармаларынын эстетикалык маанисин, обондун жана ырдын текстинин сапаты жана алардын бири-бирине төп келгендиги, бири-бирин толуктап тургандыгы, аткаруучунун чеберчилиги, ырчынын үнүнүн кудрети ачып берүү үчүн таланттуу ырчы, арген үндүү Медер Кыдыршаевдин аткаруусундагы “Кайыр кош” аттуу ырды (сөзү Эркин Тазабековдуку, обону Абидин Темировдуку) талдоого алабыз.

Ар бир адам дүйнөнүн кооздугуна суктанып жашайт, айрымдар дүйнө кооздугун жаратууга умтулат. Кыргыз музыка дүйнөсүндө андай кооздуктарды жараткандардын бири – ырчы Медербек Кадыршаев.

Медербек Кадыршаевдин аткаруусунда “Кыялдануу”, “Ойлойсуңбу”, “Кайыр кош” аттуу ырлар элдин сүйүктүү ырлары катары дале радиодон уктурулуп, теледен көрсөтүлүп келет.

Медербек Кадыршаевдин үнүнүн оргиналдуулугу, жанга жагымдуулугу, тембринин кооздугу, аткаруучулук чеберчилигинин бийиктиги: ырдын текстиндеги жана обон кайрыктарындагы маани-мазмунду терен ачып берип, ырдын текстине да, обон кайрыктарына да жаңы мазмундук-эмоциялык түс берип, ырды кооздоп, анын маани-мазмунун дагы тереңдетип жана бийиктетип ырга жаңы идеялык-мазмундуктагы кооздукту, сулуулукту, улуулукту бере алгандыгы менен өзгөчөлөнөт.

Алгач Медербек Кадыршаев Кадыралы Артыковдун “Кыялдануу” аттуу ырын ырдап чыгып, элге таанылган. Ал ыр Медербек Кадыршаевдин аткаруусунда элдин сүйүктүү ыры катары бүгүнкү күнгө чейин радиодон уктурулуп, теледен көрсөтүлүп келет. Андай ийгилик бир жагынан обондун идеясы жана мазмуну бийиктиги, обондун кулакка жагымдуу болушу менен байланыштуу болсо, экинчи жагынан Медербек Кыдыршаев үнүнүн кооздугу, ырчылык чеберчилиги менен обондун бүт кереметин толук ачып, кишини жаратылыш сулуулугу, табият кермети менен жуурулуштуруп салат да угармандын жан дүйнөсүн бүт бийлеп алышы менен байланыштуу.

Кыска өмүрүндө Медербек Кадыршаев бир нече ырларды ийине жеткире аткарып, эстрадалык ырларды аткаруунун, аткаруучулуктун классикалык үлгүсүн жаратып кетти десек жаңылышпайбыз. Ошондой ырларынын бири - “Кайыр кош”.

Аткаруучулук өнөрдөгү чеберчиликти, ырчынын үнүнүн жанга жагымдуулугунун жана ырчынын үнүнүн кудрет-энергиясынын укмуштуу мүмкүнчүлүгүн Медербек Кыдыршаевдин аткаруусундагы “Кайыр кош” аттуу ырды талдоо аркылуу ачып беребиз.

Ырдын текстинде эки жаштын махабат мамилесинин тарыхы баяндалып, махабат мамилесинин үзүлүшүнөн жаралган сезим-туйгулардын гаммасы - андагы эмоция-сезимдер, ой туйгулар, идеялар тереӊ мазмунда берилет. Анда өмүрүндөгү махабат бактысына кабылган

бактылуу мезгилине кайтып, өзүнө дем, кубат алып жашоосун андан ары улоо идеясына сугарылат.

Ыр мазмуну боюнча  сүйгөн адамына болгон терең сүйүү кусалыкка, кайгылуу пессимизмге жык болгону менен, ага карата болгон урматтоо, аны ардактап баалоо даназаланып, бир кезде махабат сезимин тартуулап, өзүн бакытка бөлөгөн инсандын турмуштагы эң баалуу таберик образы жаратылат.

Биз  Медербек Кадыршаевдин аткаруусундагы "Кайыр кош" аттуу ырды психологиялык талдоого алууда обондун автору Абидин Темировдун аткаруусундагы вариант менен салыштырабыз.

Белгилей кетчү нерсе "Кайыр кош" аттуу ырды Медербек Кыдыршаевдин аткаруусунда жана автордун аткаруусунда укканда эки башка ырды уккандай абалга дуушар болосуң. Бул аткаруучулардын ырдоо чеберчилиги жана жекече психологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу.

А.Темировдун аткаруусунда өткөнгө өкүнүч артып, ырда сагыныч кусалыгы үстөмдүк кылып, ыр пессимизмге жык толуп, кайгыга жык маанай үстөм болуп,  кишини кайгыга жуурултуп таштайт. Аткаруучунун жан-дүйнөсүндө кайгы, өкүнүч үстөмдүгү, басымдуулугу байкалат.

Медербек Кадыршаевдин аткаруусунда кусалык ырдалганы менен келечекке болгон оптимизм, жашоонун улуулугу, сулуулугу, махабат мамилесиндеги улуулук, сезимдин бийиктиги даңазаланат.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе Медербек Кадыршаевдин аткаруусундагы "Кайыр кош"  ырына  аткаруучуга ылайыкталып музыкалык жактан коoздолгон (оранжировкаланган) музыка адамдын түпкү сезиминдеринин кылдарын козгоп, кишини уйгу-туйгуларга салып, өзүнө кишини тартып турат. Андагы ырчынын жагымдуу үнүнөн жаралган образ кишини өзүнө байлап алып, адамдын улуулугун, сулуулугун даңазалайт. Аталган ырдан аткаруучунун жан дүйнөсүндө жаркын маанай үстөмдүгү, жашоого болгон кумардын күчтүүлүгү жана ааламга карата жан дүйнөсүнүн тазалыгы, ачыктыгы байкалат. Ошондой эле аткаруучу ырдын пафосун жана  ырдын мазмунундагы драматизмди толук ачып берген.

Медербек Кадыршаевдин аткаруусунда обон кайрыктарында тексттеги ой, идея тереңдетилип, андагы эмоция-сезимдерди, ой туйгуларды даана ачып берет.

Ырчы эки жаштын махабат мамилесинин тарыхын баяндоодо андагы ар бир сөздө берилип жаткан ар бир ойго басым жасап, обонго өзгөртүүлөрдү кийирип, ыр-обондогу идеяны терендетип, аларды күчтүү энергияга чүмбөттөп ойду, идеяны так-даана угармандын жүрөгүнө жеткирип берет. Алсак, ар бир сөзгө өзгөчө басым жасаганы "өксөсү басылбаган" "курган жүрөк", "өзүңсүз",  "жалбырактай", "мен сени" жана куплеттин акыркы сабындагы биринчи сөздү  "жалбырактай", айрым саптарды "өзүнсүз өтүп жаткан ар бир мүнөт", "сагынып жүрүп гана ии жалгыз сени" ырдоого басым жасоо, акыркы куплетте кайра кайталап аткарууда ырды кульмунациясына жеткирүү үчүн "жашоодо жолугуш-пай", "мен сени сагынармын" деп өзгөчө басым жасоо, ырдагы "аа-аа-аа, оо-оо-оо" созулмаалар, ырчынын үндү созуусу, үндөрдү кайруусу ырдагы кайгыны күчтүүлөнтүп, угармандагы бүт эмоция-сезимдерди күчтүүлөнтүп, аларды көбөйтүп, жан дүйнөнү элеп-желеп  кылып, күчтүү энергияга ээ болгон эмоция-сезимдердин гаммасын берүүгө жетишкен.

Куплеттен куплетти карай эмоция-сезимдер күчөп барат. Анткени ырды кабыл алуунун психологиясында музыка айрым-айрым бөлүктөрдө кабыл алынбастан, музыкалык чыгарма бөлүктөрү кулакта сакталып-сакталып барып, чыгарма акыр аягына чейин угулуп бүткөндө

гана музыка бүтүн нерсе катары (кабыл алуунун структуралуулугу) кабыл алынары аныкталган. Талдоого алынып жаткан ырда куплеттен куплетке карай эмоция-сезимдердин күчөп барышы ырдын таасирлүүлүгүн арттырып турат.

Медер Кыдыршаев үнүнүн кооздугу, тембринин жагымдуулугу жана ырчылык чеберчилиги (үнүн ийкемдүү башкара алуусу, обонду көкөлөтө созуу мүмкүнчүлүгүнүн кеңдиги ж.б.) менен обондун кереметин толук ачып берип, аткарган ырларын көркөмдүк бийиктикке жеткире алып, кишинин жан дүйнөсүн ырдагы идея, маани-мазмун менен жуурулуштуруп салат да угармандын жан дүйнөсүн бийлеп алат. Ошондон ал аткарган ырлар угармандарга өзгөчө таасир этет. Жогорудагы ойлор, ырчылык өзгөчөлүк Медербектин аткаруусундагы “Кайыр кош” аттуу ырда да таасын көрүнүп турат.

Жыйынтык

Эстетикалык тарбия сулуулукту, ырайымдуулукту, адамдарга карата аракеттердин тазалыгын, жагымдуу мамилени даңазалайт.

Музыкалык тарбияга жараша адамдын эстетикалык маданияты жана музыкалык маданияты калыптанып, инсандык өзгөчөлүгү аныкталат. Мына ошондуктан музыкалык тарбиянын максаты-музыкалык каражаттар аркылуу жаш муундардын эстетикадык маданиятын өстүрүп, аларды инсан катары калыптандыруу болуп саналат.

Музыкалык тарбия толук кандуу түрдө музыкалык мектептерде, колледждерде, жогорку окуу жайларда берилип келе жатат. Айрым мектептерде музыка мугалиминин жигердүү эмгегинин натыйжасында окуучуларга белгилүү денгээлде музыкалык тарбия берилип ,алардын эстетикалык маданияты калыптандырылат.

Азыркы кезде көзөмөл жоктугунан эстетикалык маниси төмөн чыгармалар, анын ичинде ырлар, элге жайылтылууда. Алсак, жалпы эл УТРК баш болгон теле-радиодогу музыкалык уктуруулардан музыкалык тарбия албастан, кайра терс таасирлерге дуушар болуп калууда. Анын башкы себеби сапатсыз музыкалык чыгармаларды уктуруу, көрсөтүү болуп саналат. Эң негизгиси бардык эле эстетикалык мааниси төмөн (М: тантык обондун), жеңил-желпи музыканын жашап кетүүсүнө атуулдук жоопкерчиликсиздик жана музыкалык сабатсыздык, керектөөчүлөрдүн чыгармага үстүртөн мамиле кылуусу, эң биринчи кезекте көпчүлүк адамдарда ички маданияттын өтө эле төмөндүгү өз таасирин тийгизет. Биздин угармандардын музыкалык табитинин төмөндүгү, эстетикалык тарбиясынын төмөндүгү азыркы кездеги тантык ырлардын жашоосуна себепкер болууда. Угарманы бар үчүн, андай тантык ырлар - “обондор” эфирден уктурулуп, концерттерде ырдалып жатат. Ошондуктан эстетикалык мааниси бийик чыгармаларды элге жайылтуу зарыл иштерден болуп саналат. Музыкалык тарбия берүү аркылуу адамдардын жан дүйнөсүн байытып, рухий маданиятын, эстетикалык маданиятын жана музыкалык маданиятын өстүрүп, дүйнөгө, адамдарга болгон көз карашын өзгөртө алабыз.

Жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандырууда сапаттуу чыгармаларды уктуруу зарыл. Буга М.Кадыршаев аткарган чыгармаларды кошууга болот.

Медербек Кадыршаев ырчы катары жагымдуу үнү, аткаруучулук чеберчилиги аркылуу ар бир аткарган ырдын обонундагы идеяны, маани-мазмунду даана ачып, аны угармандарга так жеткирип берет. Анын “Кайыр кош” аттуу ырды ийине жеткире аткарып, ырдын маани-мазмунун так ачып берип, өзүнүн аткаруучулук чеберчилигин көрсөткөн. Ал ырчы катары адамдын жан-дүйнөсүнүн эң терең кылдарына таасир этип, жан-дүйнөнү байытып, аны өзгөртүп салууга кудреттүү. Эң негизгиси элге эстетикалык ырахат тартуулап, жаштардын эстетикалык маданиятын өстүрөт. Мына ошондон “Кайыр кош” аттуу ыр Медербек

Кадыршаевдин аткаруусунда музыкалык окуу жайларда аткаруучулук чеберчиликти талдоодо колдонууга арзыйт.

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Асафьев Б. В. Музыкальная форма как процесс. 2-е изд. – Л.: Музыка, 1971. – С. 376.
2. Бектуров Т.М., Жайчиева Г.А. Педагогикалык процесс катары музыкалык-эстетикалык табиттин калыптанышы [Текст]. И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. 2024, №1. – 37-42 бб.
3. Борев Ю.Л. Эстетика. – М.: – 486 б.
4. Бочкарев Л. Л. Психология музыкальной деятельности. – М. Ин-т психологии РАН, 1997. – С. 350.
5. Гродзенская Н. Л. Воспитательная работа на уроках пения. – М.,1993.
6. Киященко Н. И. Эстетическое воспитание и образование – важнейшее средство гуманизации и гуманитаризации образования YY Гуманизация образования. 1998. № 1. – С. 53-58.
7. Медушевский В. В. О закономерностях и средствах художественного воздействия музыки. – М.: Музыка, 1976.
8. Мурзаев М.С. Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу (социологиялык талдоо). Монография. – Б.: 2017 – 200 б.
9. Мурзаев М.С. Социалдык психология. ЖОЖдун бакалавр программасына арналган окуу китеби (кол жазма) 2022.
10. Мурзаев М.С. Төкмөлөрдүн психологиялык өзгөчөлүктөрү
11. Шацкая В. Н. Музыкально-эстетическое воспитание детей и юношества. – М.: Педагогика, 1975. – 200.
12. Школяр Л. В. Музыкальное образование в школе. – М.: Академия, 2001. – С. 232.


**Рецензент: доктор педагогических наук, профессор Бабаев Д.**